# ТАКТАМА

Кара-Суу шаары 30.04.2024-ж.

Кара-Суу районунун прокурорунун орун басары С.Чыбышев, Кара-Суу РИИБнун ТКнун улук тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан кылмыш иш козгоодон баш тартылган 02-034-2024-001958 сандуу өндүрүш материалын көзөмөл иретинде окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү аныктадым.

Билдирме менен Кара-Суу РИИБнүн нөөмөт бөлүмүнүн жардамчысы А.Алибаев кайрылып, анда 2024-жылдын 28-апрель күнү саат 17:29 чамасында №9 шайлоо округунун 5270 сандуу МЭЗ шайлоо участкасында ошол эле жердин домкому жана имамы Кара-Суу районунун №9 шайлоо округуна талапкер №9 кандиат Орунбаев Турдубекке ачык эле түрдө үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы боюнча талапкер Эргешов Толкунбек телефон аркылуу кайрылгандыгын билдирген. Аталган билдирүү Кара-Суу РИИБдин КБР МЭЖне 02-034-2024-001958 саны менен 28.04.2024-жылы катталып, тергөөгө чейинки текшерүү башталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган материал боюнча көрсөтүлгөн окуяда эч кандай кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу 28.04.2024-жылы аталган бөлүмдүн тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.

Андыктан, аталган материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү иштери Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн, негиздүү жана мыйзамдуу, бузууга негиз жок.

Кара-Суу районунун прокурорунун
орун басары **С.Чыбышев**

Сканировано с CamScanner